| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 23-01-3 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин жыйыны
Протокол № 6
"29" 01 2025 ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы
КМТУнун ректору
____________ М.К.Чыныбаев
Буйрук № ___ "30" 01 2025 ж.

# И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун PhD ДОКТОРАНТУРАСЫНДАГЫ КАЛЫСТАР ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

**БИШКЕК 2025**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАГЫ

| УЧА версиянын № | Өзгөртүлгөн жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн п/абзац (баракты көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколу№ |
|---|---|---|
| 1 | | Пр. № 10, 26.06.2024-ж. |
| 2 | П. 1.1. КР Өкмүтүнүн «Жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнү (базалык докторантура PhD)/тармак боюнча) уюштуруу тартиби жана философия доктору (PhD)/квалификациясын ыйгаруу жөнүндөгү токтомунун (КР № 601, 11.12.2020-ж.) өзгөргөндүгүнө байланыштуу, жаны токтом боюнча пункттар киргизилди (№ 517, 27.08. 2024 -ж.).<br>П. 1.2.Диссертация PhD, ИББП –түшүнүктөр кошулду.<br>П.1.5 КР Өкмүтүнүн № 517 токтомуна ылайык, Калыстар боюнча өзгөртүү.<br>2-чи абзацта: "нөлдүк эмес импакт-фактор" сөздөрү алынды.<br>2.5. пунктунун аягына "Илимий жетекчи Калыстар курамына кирбейт" жана "Калыстар төрагасы биринчи отурумда шайланат"деген сүйлөмдөр кошулду.<br>П. 3.1 – "базалык докторантура (PhD)/тармак боюнча" сөздөр алынды.<br>П. 3.2, 3.3. пункттары кошулду.<br>П.4.3."нөлдүк эмес импакт-фактор" сөзү алынды.<br>П. 4.8 «Цитаталоо жана өзүнөн цитата келтирүү оригинал тексттин көлөмүнө кирет" деген сүйлөм кошулду.<br>П.4.10.алдын ала коргоого үч айга чейинки убакыттан кечиктирбестен деп мөөнөт такталды.<br>П.4.11 и 4.12. пункттары боюнча орун алмаштыруу болду. Алдын ала жана жалпы коргоо түрүндөгү мамлекеттик аттестациялоону уюштуруу жөнүндөгү ректордун /проректордун буйругу деген сүйлөмдөр кошулду.<br>П. 5.1. Жалпы коргоого маанилүү эскертүүлөрсүз жана коргоо күнү Калыстар тарабынан аныкталып, киргизүүгө сунушталган PhD диссертациялар киргизилет деген сүйлөм кошулду. | Пр. № 6, 29.01.2025-ж. |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1.Жалпы жоболор

1.1.И.Раззаков атындагы КМТУнун PhD докторантурасындагы Калыстар жөнүндө жобосу (мындан ары – Жобо)

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 517 (27.08.2024 –ж.) «Жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнү (базалык докторантура (PhD)/профиль боюнча) уюштуруунун тартиби жана философия илимдеринин доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор квалификациясын ыйгаруу жөнүндөгү Жобого»;
- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына;
- 2023-жылдын 21-июнундагы "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына;
- Улуттук квалификация алкагына (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы № 491 токтому);
- И.Раззаков атындагы КМТУнун 2022-жылдын 30-ноябрындагы "Философия илимдеринин доктору" (PhD)/профиль боюнча доктор квалификациясын берүү жана негизги докторантурага кабыл алуу жана даярдоонун тартиби жөнүндө Жобого;
- И.Раззаков атындагы КМТУда 2023-жылдын 31-майындагы PhD диссертациясын даярдоо тартиби жөнүндөгү Жобого ылайык иштелип чыкты.

1.2. Ушул Жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

- **PhD диссертация** - өз алдынча илимий изилдөөлөрдү, жаңы илимий натыйжаларды камтыган жана автордун илимге кошкон жеке салымын көрсөтүүчү квалификациялык иш;
- **калыстар** - PhDдиссертациясын алдын ала жана жалпы коргоону жүргүзүү үчүн ЖОЖдор жана илимий мекемелер тарабынан түзүлгөн эксперттик топ.
- **илимий жетекчилер** - докторанттардын окуу иштерине жана илимий изилдөөлөрүнө илимий жетекчиликти, натыйжаларды көзөмөлдөөнү жана аттестациялоону камсыз кылуу үчүн дайындалган илимий адис же илимий адистердин тобу;
- **илимий-билим берүү программасы** (ИББП) – окутуунун тиешелүү багытында билим берүү процессинин максаттарын, күтүлгөн натыйжаларын, мазмунун жана ишке ашырышын жөнгө салуучу окуу-усулдук документтердин жыйындысы.
- **философия илимдеринин доктору (PhD)/тармак боюнча доктор** - Улуттук квалификациялык талаптарга ылайык, квалификациянын негизинде PhD диссертацияны жалпы коргогондон кийин берилүүчү илимий даража;
- **транскрипт** - билимди баалоо үчүн баллдык-рейтингдик системага ылайык, кредиттерди жана бааларды көрсөтүү менен, окуу мезгилинде аяктаган дисциплиналардын тизмесин камтыган документ.

1.3. Бул Жобо И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде "Философия илимдеринин доктору (PhD)/тармак боюнча доктор" илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо үчүн эксперттик топту – Калыстарды түзүүнүн жана ишин уюштуруунун тартибин белгилейт.

1.4. Калыстар курамынын ишин ректор, илим иштери боюнча проректор координациялайт, курамын бекитет жана анын ишин көзөмөлдөйт.

1.5. Калыстардиссертациялардын экспертизасынын сапаты жана объективдүүлүгү үчүн, диссертацияны коргоо боюнча кабыл алынган чечимдердин негиздүүлүгү үчүн жоопкерчилик тартат.

1.6. Калыстардын иши тууралуу отчет университеттин сайтында жайгаштырылат.

## 2.Калыстардын ишин уюштуруу

2.1.Калыстар университет тарабынан өз алдынча түзүлөт жана университетте PhD докторантуранын аккредитацияланган илимий - билим берүү программалары (мындан ары-ИББП) болгон учурда иштейт.

2.2. PhD диссертациянын экспертизасын, алдын-ала жана жалпы коргоосун өткөрүү үчүн кафедранын кеңейтилген отурумунун оң корутундусунун негизинде, ИББПнын жетекчиси 2.5.пунктуна ылайык, Аспирантура жана докторантура бөлүмүнө Калыстардын сунушталган курамы тууралуу билдирүү берет.

Университеттин ректорунун буйругу менен илимдин кандидаты, илимдин доктору, философия доктору (PhD), тармактар боюнча доктордук даражасы бар **беш адамдан турган** (окумуштуу/техникалык катчыны эсепке албаганда) Калыстардын курамы түзүлөт *(1-тиркеме).*

2.3.Калыстардын төрагасы алгачкы отурумда мүчөлөр тарабынан шайланат. PhD диссертациянын экспертизасын өткөрүү учуруна жана Калыстардын ишин камсыздоо үчүн окумуштуу/техникалык катчы дайындалат. Окумуштуу/техникалык катчы Калыстар мүчөсү болуп эсептелбейт.

2.4. Окумуштуу/техникалык катчы отурумдардын протоколдорун жүргүзөт жана аппелляциялык комиссияга зарыл материалдарды берет. Калыстар курамынын отурумунун протоколуна төрагасы жана катчысы кол коюшат.

2.5. Калыстардын курамына илимдин тиешелүү/ же байланыштуу тармактын эксперттери кирет, алардын үч мүчөсү башка ЖОЖдордун жана /же илимий мекемелердин өкүлдөрү, анын ичинде алардын жок дегенде бири чет өлкөлүк университеттин же илимий мекеменин өкүлү болууга тийиш.

Калыстардын курамына кирүү үчүн талапкерлер ошол тармактын PhD доктору, илимдин доктору, кандидаты же профессор наамы бар окумуштуулар, ата мекендик жана чет элдик басылмаларда илимий эмгектери бар, анын ичинде Scopus жана Web of Science эл аралык системалары тарабынан индекстелген илимий журналдарда экиден кем эмес илимий басылмалары бар адистер болушу керек.

Илимий жетекчи Калыстардын курамына кирбейт.

2.6. Чыгармачылык адистиктер боюнча Калыстардын курамына доцент окумуштуулук наамы, ардактуу наамдары (сүрөтчү, архитектор/маданият ишмери ж.у.с.) бар адистер кириши мүмкүн.

2.7.Чет өлкөлүк илимий даража ыйгаруу жөнүндө диплому бар Калыстар мүчөлөрү үчүн нострификациядан өтүү талап кылынбайт.

2.8.Калыстар курамын түзүүдө, мүчөлүгүнө талапкерлер жөнүндө маалымат форма боюнча берилет *(2-тиркеме).*

2.9. КМТУ камсыз кылат:

1)Калыстардын отурумдарын өткөрүү жана диссертацияларды коргоо, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды, программалык-техникалык каражаттарды колдонуу үчүн зарыл шарттарды;

2) Калыстар курамынын ишине байланыштуу чыгымдарды төлөө.

## 3. Калыстардын функциялары

3.1. Калыстардын функциялары:

- “Жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнү уюштуруу жана философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктору илимий даражасын ыйгаруу тартиптери жөнүндөгү Жободо” белгиленген талаптарга ылайык келүүсүн камсыздоо үчүн Калыстар тобунун бардык мүчөлөрү коомдук талкууга параллелдүү түрдө, коргоого коюлган PhD диссертацияны экспертизадан өткөрүү.
- изилдөө жүргүзүлгөн жерде алдын ала коргоо;
- PhD диссертацияны жалпы коргоо.
- философия илимдеринин доктору (PhD)/тармак боюнча доктору илимий даражасын ыйгаруу;
- диссертацияны коргоого алуу, коргоо жана илимий даражаларды ыйгаруу маселелеринде аныкталган тартип бузуу жөнүндөгү апеляциялык кайрылууларды кароонун натыйжалары боюнча корутунду берүү;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген каттоо номерге жана QR-кодго ээ болгон, философия илимдеринин доктору (PhD)/жана тармактын доктору илимий даражаны аныктаган мамлекеттик үлгүдөгү дипломду берүү.

3.2. Калыстардын мүчөлөрү:

- объективдүү, толук жана ишенимдүү маалымат менен камсыз кылат;
- диссертацияны коргоого байланышкан маалыматтарды жашырууга жол бербейт;
- илимий этиканы бузуу фактыларына жооп кайтарат;
- чечимдерди кабыл алууда коомдук пикирдин, тараптардын биринин же үчүнчү жактардын таасиринен эркин болушат;
- кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо жана чечүү боюнча чараларды көрөт.

3.3.Календардык жылдын аягында Калыстар өзүнүн ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүп, КМТУнун Окумуштуулар кеңешинде отчет берет *(3-тиркеме* ).

## 4. PhD диссертацияга экспертиза жана алдын ала коргоо жүргүзүүнүн тартиби

4.1. PhD билим берүү программаларын толук өздөштүргөн докторанттар окуу мөөнөтү аяктаганга **үч ай** калган убактан кечиктирбестен ИББП ишке ашырылып жаткан кафедранын кеңейтилген жыйынында PhD диссертацияны талкуудан өткөрүшү керек.

ИББП жетекчиси тарабынан Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн “Доктордук мектебине” PhD диссертацияны алдын ала экспертизага алууну баштоо тууралуу билдирүү берилет.

4.2. Кеңейтилген жыйынга кафедранын мүчөлөрү, илимий жетекчилер, ошондой эле багытка байланышкан кафедралардын кызматкерлери, бөлүмдөрдүн, илимий жана башка уюмдардын өкүлдөрү, практиктер (колдонмо мүнөздөгү диссертациялар үчүн) катыша алышат.

4.3. Диссертациялык изилдөөнүн негизги илимий натыйжалары, диссертацияны коргоого чейин, Web of Science жана Scopus эл аралык системалары тарабынан индексацияланган басылмаларда экиден кем эмес **илимий макалада** басылып чыгарылышы керек.

PhD диссертация төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

1) фундаменталдык илимий жана/же колдонмо пландагы актуалдуу маселелерге ылайык келүүгө;

2) PhD диссертация корголуп жаткан багытка ылайык келүүгө;

3) илимдин, техниканын жана өндүрүштүн алдыңкы теориялык, методологиялык жана технологиялык жетишкендиктерине негизделүүгө;

4) илимий жаңычылдыгы болуп, изилденген тармактагы алдыңкы изилдөө ыкмаларына таянууга;

5) конкреттүү илимий жана практикалык сунуштарды, теориялык жана/же колдонмо маселелерди чечүү жолдорун камтууга;

4.4. PhD диссертацияга алдын ала экспертиза жүргүзүү жөнүндөгү корутунду, кафедранын кеңейтилген отурумунун протоколунан көчүрмө түрүндө тариздeлет, ага отурумдун төрагасы жана катчысы кол коет, илим иштери боюнча проректор тарабынан бекитилет.

4.5. Кафедранын кеңейтилген отурумунун оң корутундусун алгандан кийин докторант Калыстар төрагасынын атына арыз берет (4-тиркеме).

4.6. Калыстар төрагасынын атына докторанттын арызынын жоктугу, диссертацияны кароонун токтотулушу катары саналат.

4.7. Калыстар, "И.Раззаков атындагы КМТУда PhD диссертацияны даярдоонун тартиби жөнүндөгү Жобонун" (31.05.2023-ж.) талаптарына ылайык даярдалган диссертацияны алдын ала кароого кабыл алат. Калыстардын окумуштуу/техникалык катчысы PhD докторант тапшырган документтерди каттоо тизмесине ылайык кабыл алат(5-тиркеме).

4.8. Докторант эл аралык маалымат базасында акы төлөнүүчү негизде "Антиплагиат" компьютердик программасын колдонуу менен диссертациялык ишти текшергендиги тууралуу сертификатты берүүгө тийиш.

PhD диссертациянын текстинин оригиналдуулугу төмөндөгүдөй болушу керек:

- коомдук жана гуманитардык илимдер - 75% кем эмес;
- табигый, техникалык, физика-математикалык илимдер - 85% кем эмес.

Цитаталоо жана өзүнөн цитата келтирүү оригинал тексттин көлөмүнө кирет.

Диссертацияны кыргыз же орус же англис тилдеринде тапшырса болот.

4.9. Илимий изилдөөлөрдү пландаштырууда, баалоодо, тандоодо, жүргүзүүдө жана жайылтууда мыйзам бузууларды болтурбоого, диссертациянын аткарылыш талаптарына жана этикалык нормалардын сакталышына PhD докторант, илимий жетекчилер жана бүтүрүүчү кафедра жооп берет.

4.10. Алдын ала коргоого үч айга чейинки убакыттан кечиктирбестен, Калыстар тобунун бардык мүчөлөрү PhDдиссертацияны коомдук талкууга коюп, параллелдүү түрдө алдын ала экспертизасын жүргүзүүсү керек, жана ал максатта маалымат университеттин сайтына жайгаштырылат.

4.11. Калыстар тарабынан жүргүзүлгөн диссертациянын экспертизасы жана коомдук талкуулоо аяктагандан кийин, Аспирантура жана докторантура бөлүмү тарабынан ректордун/илим иштери боюнча проректордун колу коюлган - Алдын ала жана жалпы коргоо түрүндө PhD диссертациянын мамлекеттик аттестациялоосун уюштуруу жөнүндөгү буйрук даярдалат.

Калыстардын окумуштуу/ техникалык катчысы алдын ала коргоону уюштурат, алдын ала коргоонун тартибин жана графигин аныктайт.

4.12. Алдын ала коргоого жана жалпы коргоого бир ай калганда, университеттин сайтында, PhD диссертациянын темасын, докторант жана илимий жетекчилери жөнүндөгү маалыматты камтыган, диссертацияны коргоо күнү жана убактысы көрсөтүлгөн кулактандыруу жайгаштырылат *(6-тиркеме).*

4.13. Экспертизанын жыйынтыгы боюнча Калыстар мүчөлөрү диссертация боюнча корутундусун бериши керек, анда төмөнкү суроолор камтылат (*7-тиркеме*):

1) PhD диссертациялык изилдөөнүн темасын бекитүү, тема өзгөргөн учурда - өзгөртүүнүн негиздемеси;

2) илимий жетекчилик, алмаштырууда - чечимдин негиздемеси;

3)диссертация биринчи жолу же бир нече жолу берилгени тууралуу. кайталап берилген учурда - диссертацияга эскертүүлөрдү алып салуу жөнүндө маалымат;

4) тандалган теманын актуалдуулугу;

5)PhD диссертациянын мазмунунун аталышына, ошондой эле программанын адистешүүсүнө ылайык келиши;

6) изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү, корутундулардын жана сунуштардын негиздүүлүгү;

7) коргоого берилген илимий натыйжалардын жаңычылдыгы;

8) изилдөөлөрдүн натыйжаларынын илимий, практикалык, экономикалык, социалдык мааниси жана бул маанини ырастоочу маалыматтар;

9) диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжаларын жарыяланган эмгектерде көрсөтүү;

10) диссертацияда көрсөтүлгөн илимий натыйжаларды алууда автордун жеке катышуусу.

4.14. Алдын ала коргоого чейин PhD докторант окумуштуу/техникалык катчыга документтерди кагаз жана электрондук түрүндө тапшырат.

4.15. Диссертацияны алдын ала коргоо боюнча отурум өткөрүүдө Калыстар төрагасы төмөнкү алгоритмдерди карманышы керек:

- Отурумдун ачылышында Калыстар төрагасы каттоо баракчасынын негизинде отурумдун укуктуулугу жөнүндө билдирет *(8-тиркеме*).
- Отурум ачылгандан кийин төрага PhD докторанттын аты-жөнүн, диссертациясынын темасын, илимий жетекчилерин, Калыстар тобунун курамындагы адистердин илимий даражаларын, наамдарын, жыйынга катышкандардын санын айтып тааныштырат.
- Окумуштуу/техникалык катчы Калыстарга өткөрүлгөн документтердин негизги мазмуну жана алардын бекитилген талаптарга жооп бериши боюнча маалымат берет.
- Диссертациясынын негизги маселелерин камтыган PhD докторанттын баяндамасы ( 30 мүнөттөн ашпоо керек);
- Окумуштуу/техникалык катчы тышкы сын-пикирлерди (алар болгон учурда) окуйт;
- Калыстар мүчөлөрүнүн PhD диссертацияга берилген корутунду менен тааныштырып чыгып сүйлөшү;
- PhD докторанттын ар бир Калыстар мүчөсүнүн эскертүүлөрүнө берген жооптору;
- Талкуулоо;
- Калыстардын чечим кабыл алуусу. Чечим кабыл алуу окумуштуу/техникалык катчы тарабынан уюштурулган жашыруун электрондук добуш берүүнүн негизинде жүргүзүлөт.
- Калыстар төрагасы добуш берүүнүн жыйынтыгын жана чечимдердин бирин жарыялайт.Чечимди бекитүү ачык добуш берүү жолу менен, катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүгүнүн добушунун негизинде кабыл алынат.

- Калыстар төрагасы добуш берүүнүн жыйынтыгын төмөнкүлөрдү камтуу менен жарыялайт:
1) PhD диссертацияны коргоо күнүн белгилөө менен сунуш кылууга;
2) айтылган эскертүүлөрдү оңдоодон кийин PhD диссертацияны коргоого сунуш кылууга;
3) PhD диссертацияны четке кагууга;
Чечим катышкандардын көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү түрүндө бекитилет.
- Коргоого оң чечим чыккан учурда, коргоо күнү катышкандардын көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү жолу менен белгиленет.
- Отурумду жыйынтыктоо.

4.16. Айтылган эскертүүлөрдү оңдоодон кийин PhD диссертацияны коргоого сунуш кылынган учурда 3 айдан 6 айга чейинки убакыт берилет.

4.17. Алдын ала коргоо жана жалпы коргоону өткөрүү Калыстар отурумунун протоколу менен таризделет. PhD диссертацияны алдын ала коргоо иши видеожазууга тартылат.

## 5. PhD диссертацияны жалпы коргоону өткөрүүнүн тартиби

5.1. Жалпы коргоого, маанилүү эскертүүлөрү жок, Калыстар тарабынан коргоо күнү белгиленип сунуш кылынган PhD диссертациялар киргизилет. Айтылган эскертүүлөрдү оңдоодон кийин коргоого сунуш кылынган PhD диссертациялар, Калыстар мүчөлөрүнүн колу коюлган макулдашуу барагы менен коштолгон учурда гана коргоого кабыл алынат *(9-тиркеме*).

5.2. Жалпы коргоого **бир ай** калганда Калыстардын окумуштуу/техникалык катчысы КМТУнун расмий сайтына коргоонун убактысы жана орду, докторант жана илимий жетекчилер жөнүндө маалыматты камтыган кулактандырууну(*6-тиркеме*), ошондой эле диссертациянын текстин, кыргыз, орус жана англис тилдериндеги аннотацияны жайгаштырат (*12-тиркеме).*

5.3. Диссертацияны интернет-ресурска жайгаштыргандан кийин диссертациянын мазмуну боюнча расмий эмес рецензияларды жайгаштырууга болот.Авторлугун аныктоого мүмкүн болбогон жана автордун электрондук почтасынын дареги жок болгон расмий эмес сын-пикирлер коргоого берилбейт.

5.4. Калыстардын пикирлери жана макулдашуу баракчасы коргоонун белгиленген күнүнө чейин 10 (он) жумушчу күн калганда окумуштуу/техникалык катчыга берилет (9-тиркеме).

5.5. Диссертацияны жалпы коргоо илимий талкуу мүнөзүнө ээ болуп, талаптуулуктун, бүтүндүктүн жана илимий этиканы сактоонун кырдаалында, ошол эле учурда диссертацияда камтылган илимий жана практикалык мүнөздөгү бардык корутундулардын жана сунуштардын ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү болушу керек.

5.6. Калыстардын отуруму, эгерде анын ишине анын мүчөлөрүнүн кеминде 2/3 (үчтөн эки) катышса, ыйгарым укуктуу деп эсептелет, бул каттоо баракчасында (8-тиркеме) чагылдырылат.

5.7. Кворум болгон учурда Калыстар төрагасы отурумду ачып, корголуп жаткан PhDдиссертация жөнүндө маалыматты жарыялайт.

5.8. Калыстар диссертацияны коргоону толук көлөмдө видеого тартууну камсыз кылат. PhD диссертацияны жалпы коргоо түз эфир аркылуу онлайн режиминде жүргүзүлөт. Жергиликтүү эмес, чет өлкөлүк илимий жетекчилер жана чет элдик Калыстар мүчөлөрү үчүн онлайн катышууга/добуш берүүгө уруксат берилет.

5.9. PhDдокторант 7 (жети) жумушчу күндөн кечикпеген убакытта диссертациясын коргоодон чакыртып алууга укуктуу.

5.10. Диссертацияны коргоо боюнча Калыстар отурумун өткөрүү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Калыстар төрагасынын кворум, отурумду өткөрүү мыйзамдуулугу, PhD доктоpанттын баяндамасы, даярдоо багыттары, диссертациянын темасы, илимий жетекчилери жөнүндө сүйлөгөн сөзү;
- доктоpанттын өздүк ишинде бар документтердин тизмесин жана берилген документтердин белгиленген талаптарга ылайыктуулугун жарыялоо үчүн окумуштуу/техникалык катчынын сөзү;
- диссертациянын негизги мазмунун баяндоо боюнча PhD доктоpанттын баяндамасы (30 мүнөттөн ашпоого тийиш);
- Калыстардын отурумуна катышып жаткандардын талкуулоосу;
- PhD доктоpанттын коргоого катышкан катышуучулардын суроолоруна жооптору;
- илимий жетекчилердин чыгып сүйлөөсү (катышпаган учурда пикирди окумуштуу/техникалык катчы окуйт);
- расмий эмес пикирлер (эгерде бар болсо, окумуштуу/техникалык катчы окуйт);
- Калыстар отурумунун катышуучуларынын талкуулоосу;
- видеоконференция шартында жашыруун добуш берүүнү өткөрүү;
- коргоонун жыйынтыгын жарыялоо;
- PhDдоктоpанттын жыйынтыктоочу сөзү;
- диссертация боюнча Калыстар корутундусун даярдоо жана кабыл алуу (7-тиркеме).

Корутунду ачык добуш берүү менен, жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

5.11. Калыстар төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алуу үчүн жашыруун добуш берүүнү өткөрөт:

1) философиянын доктору (PhD) же тармак боюнча доктору илимий даражасын ыйгаруу;

2) философиянын доктору (PhD) же тармак боюнча доктору илимий даражасын берүүдөн баш тартууга.

5.12. Философия илимдеринин доктору (PhD) же тармак боюнча доктору илимий даражасын ыйгаруу жөнүндө Калыстардын чечими, эгерде анын 4 мүчөсү добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелет.

5.13. Эгерде Калыстардын терс чечими диссертацияда мыйзамсыз, такталбаган маалыматтардын болушу же илимий даражага талапкер тарабынан жарыяланган эмгектер жөнүндөгү маалыматтардын бузулушу жана (же) ишенимсиздиги менен шартталган болсо, анда диссертацияны кайра коргоого жол берилбейт.

5.14. Калыстар тарабынан четке кагылган диссертация болгон учурда PhD докторант жеке планды аткарган жок деп эсептелинет жана Аспирантура, докторантура бөлүмүнүн сунушу боюнча ректордун буйругу менен PhD докторантурадан чыгарылууга тийиш.

5.15. Калыстардын окумуштуу/техникалык катчысы илимий даража ыйгаруу жөнүндө оң чечим кабыл алынган отурумдан кийин 10 күндүн ичинде доктоpанттын аттестациялык делосун түзөт жана аны университеттин Аспирантура жана докторантура бөлүмүнө өткөрүп берет, өздүк иши менен бирге КМТУнун архивине тапшырылат (11-тиркеме).

5.16. Диссертациянын 1 экземпляры кагаз жана электрондук түрүндө университеттин китепканасына берилет.

## 6. Калыстардын чечимине даттанууну кароонун тартиби

6.1. PhD докторант Калыстардын терс чечимине карата апелляциялык комиссияга жазуу жүзүндө даттанууга укуктуу.

6.2. Калыстардын терс чечимине даттануу PhDдокторант тарабынан чечим кабыл алынган күндөн тартып 2 (эки) айдын ичинде университеттин ректорунун атына каалаган формада берилет. Аппелляцияны жүргүзүү тартиби ушул Жобонун нормаларына ылайык университет тарабынан өз алдынча бекитилет.

6.3. Даттануу берилген күндөн тартып 10 (он) жумушчу күндүн ичинде Окумуштуулар кеңешинин/ИТКтин сунушу боюнча университеттин ректорунун буйругу менен аппелляциялык комиссия (мындан ары - Комиссия) түзүлөт. Комиссиянын курамына университеттин «Доктордук мектеп» бөлүмүнүн адистеринин ичинен тиешелүү адистик боюнча илимий даражасы бар 3 (үч) адис жана техникалык катчы (добуш берүү укугу жок) кирет. Илимий жетекчилер жана Калыстар мүчөлөрү апеляциялык комиссиянын мүчөсү боло алышпайт. Комиссия өз ишинде ушул Жобонун ченемдерин жетекчиликке алат.

6.4. Комиссия аппелляциялык арызды, PhD диссертацияны, PhDдиссертацияны коргоо боюнча Калыстардын материалдарын карайт, аппелляциянын жыйынтыгы боюнча корутунду даярдайт жана ал түзүлгөн күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде чечим чыгарат.

6.5. Комиссиянын чечими ачык добуш берүү менен, көпчүлүк добуш менен кабыл алынат жана ага бардык мүчөлөрү кол коет.

6.6. Комиссиянын чечими жана корутундусу 15 (он беш) календардык күндүн ичинде Калыстардын кайра кароосуна жиберилет. Апеляция боюнча Калыстар тобунун чечими акыркы болуп саналат жана PhD докторантка билдирилет.

6.7. Апеляция боюнча Калыстардын чечими PhDдокторантка ал кабыл алынган күндөн тартып 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде билдирилет жана университеттин сайтына жайгаштырылат.

6.8. Философия илимдеринин доктору (PhD) /тармак боюнча доктору илимий даражасын берүүдөн баш тартуу маселеси боюнча Калыстардын акыркы чечими менен макул болбогон учурда, чечим сотко даттанылышы мүмкүн.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы А.Ж.Исраилов

**тиркеме 1**

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү Жобого

**БУЙРУК**

«___» ____________ 20___ г.

**Философия доктору (PhD) /тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертация коргоо боюнча Калыстардын, анын курамын жана иштөө мөөнөттөрүн бекитүү жөнүндө**

1. Төмөнкү багыт боюнча философия доктору (PhD) /тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертация коргоо боюнча И.Раззаков атындагы КМТУда Калыстардын төмөнкү курамы бекитилсин:

| № | Шифр | Багыттын аталышы |
|---|---|---|
| 1 | | |
| 2 | | |

2. Калыстардын төмөнкү курамы бекитилсин:

| № | Аты-жөнү ( алфавитттик тартипте) | Окумуштуулук даражасы, наамы(дипломду жана аттестатты көрсөтүү) | Иштеген жери, кызматы |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |

3. Калыстар тобунун иштөө мөөнөтү ______жылга бекитилсин.

Ректор (колу)

Дата

тиркеме 2

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү Жобого

## Калыстар мүчөлөрү жөнүндө маалымат

философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертация коргоо боюнча, багыты:

______________________________________________

И.Раззаков атындагы КМТУнун (багыттын шифри жана аталышы, билим берүү программасы)

| № пп | Аты-жөнү | Туул-ган жылы, жаран-дыгы | Негизги кызмат орду | Адистигин/ багытын корсөтүү менен Окумуштуулук даражасы, наамы | Акыркы 5 жылдагы басып чыгарылган илимий эмгектери, анын ичинде Scopus, Web of Science эл аралык системалар менен индекстелген басылмаларда |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

Ректор

______________________ ____________________ ________________________

(колу)

Дата Мекеменин мөөрү

**тиркеме 3**

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү Жобого

**И.Раззаков атындагы КМТУда Калыстардын ишмердүүлүгүнүн________жыл үчүн отчету**

______________________________________________________________

(ЖОЖдун аталышы )

багыты ______________________________________________________

Отчет төмөнкүдөй маалыматтарды камтыйт:

**1**. Өткөрүлгөн отурумдардын саны жөнүндө маалымат.

**2**.Отурумдун жарымынан азына катышкан Калыстар мүчөсүнүн аты-жөнү.

**3**. Багытын/окутуу программасын көрсөтүү менен PhD докторанттардын тизмеси.

**4**. Отчеттук жыл мезгилиндеги Калыстар тарабынан каралып чыккан диссертацияларды төмөнкү бөлүктөрдү белгилөө менен кыскача талдоо :

1)каралган иштин тематикасын талдоо;

2) Диссертациянын темасынын "Илим жөнүндө" мыйзамынын 18-беренесинин 3-пунктуна же/жана мамлекеттик программаларга ылайык, илимдин өнүгүү багыттары менен байланышы;

3)Диссертациянын натыйжаларынын практикалык ишмердүүлүктө пайдаланышынын деңгээлин талдоо.

**5**. Кадрларды даярдоо багыттарынын чегинде философия доктору (PhD) /тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн өткөрүлгөн диссертациялардын саны:

1)коргоого алынган диссертациялар (анын ичинде башка жождордун докторанттары);

2)кароодон алынган диссертациялар (анын ичинде башка жождордун докторанттары);

3)Рецензенттер тарабынан терс пикир айтылган диссертациялар (анын ичинде башка жождордун докторанттары);

4)коргоонун жыйынтыгында терс чечим алган диссертациялар (анын ичинде башка жождордун докторанттары);

5)кайрадан иштеп чыгууга жөнөтүлгөн диссертациялар (анын ичинде башка жождордун докторанттары);

6)кайталап коргоого багытталган диссертациялар(анын ичинде башка жождордун докторанттары);

Калыстардын төрагасы ______________________________

(колу, аты-жөнү)

Окумуштуу/техникалык катчы ______________________________

(колу, аты-жөнү)

Мөөрү, датасы "______"____________20____ года.

**тиркеме 4**

*(арыз кол жазма түрүндө жазылат)*

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү Жобого

И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору

___________________________________

Багыты боюнча PhD докторант

«___________________________________»

(Аталышы, шифри)

_______________________________________

(Аты-жөнү)

**Арыз**

Философия доктору (PhD) /профиль боюнча доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн _____________________________________________ билим берүү программасы боюнча

*(шифри, аталышы)*

алдын ала жана жалпы коргоо үчүн "_____________________________________________"

темасындагы PhD диссертацияны *(теманын аталышы)*

экспертизадан өткөрүүгө кабыл алууңузду суранам.

Илимий жетекчи

Диссертация _____________________________________________

(ЖОЖдун, институттун, кафедранын аталышы)

_____________________________ аткарылган.

Колу, датасы

**тиркеме 5**

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү Жобого

Калыстардын кароосуна өткөрүлө турган документтердин

**ТИЗМЕГИ**

1. Ректор/илим иши боюнча проректор жана Калыстар төрагасынын колу коюлган PhD докоранттын арызы.
2. PhD докоранттын резюмеси.
3. Жогорку кесиптик билими жөнүндөгү атайын тартип менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү.
4. PhD докторантуранын билим берүү программасын өздөштүргөндүгү жөнүндөгү(транскрипт) ректордун/академиялык иш боюнча проректордун колу менен бекитилген маалымкат.
5. Катуу переплет жасалган PhD диссертация (5 экз.).
6. Диссертацияга аннотация (кыргыз, орус жана англис тилдеринде).
7. Кафедранын кеңейтилген жыйынынын протоколунун мекеменин жетекчиси тарабынан бекитилип, мөөр басылган көчүрмөсү.
8. Диссертациянын темасынын жана илимий жетекчилердин бекитилгендиги жөнүндөгү Университеттин Окумуштуулар кеңешинин протоколунан көчүрмө.
9. Ата-мекендик жана чет элдик илимий жетекчинин пикирлери.
10. Ишке ашыруу актысы.
11. Иштеген жери боюнча окумуштуу катчы тарабынан бекитилген илимий эмгектеринин тизмеси (2 экз.).
12. Калыстардын окумуштуу/техникалык катчы тарабынан бекитилген басылып чыгарылган эмгектеринин түп нускасы же көчүрмөлөрү (1 экз.).
13. Паспорттун көчүрмөсү.

**тиркеме 6**

И.Раззаков атындагы КМТУнун
PhD докторантурасындагы
Калыстар жөнүндөгү Жобого

# КУЛАКТАНДЫРУУ

____________________________________________________багыты боюнча

(шифр, багыттын, программанын аталышы)

Философия доктору (PhD) /тармак боюнча доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн

_____________________________________________________________________

(PhD докторанттын аты-жөнү)

диссертация жактоосу «____» «_____________» 20 ___________

И.Раззаков атындагы КМТУнун Калыстар отурумунда, Бишкек шаары, Ч.Айтматов 66 проспектиси дареги боюнча жайгашкан, аудитория __________________

Диссертациянын темасы «__________________________________________________»

Илимий жетекчилери: _____________________________________________________

________________________________________________________________________

(Аты-жөнү, окумуштуулук даражасы, наамы, кызматы)

Калыстар:

_________________________________________________________________

(Аты-жөнү, окумуштуулук даражасы, наамы, кызматы )

Диссертация менен И.Раззаков атындагы КМТУнун сайтында жана Ч.Айтматов 66 проспектиси дареги боюнча жайгашкан китепканасында таанышса болот.

**тиркеме 7**

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү
Жобого

КОРУТУНДУ

Калыстар мүчөсү ______________________________________________

(Калыстар түзүлгөндүгү жөнүндөгү буйруктун номуру, мекеменин аталышы)

PhD диссертацияга ______________________________________________

( PhD докторанттын аты-жөнү)

*Корутундуда төмөнкү пункттар камтылат:*

1) PhD диссертациялык изилдөөнүн темасын бекитүү, тема өзгөргөн учурда - өзгөртүүнүн негиздемеси;

2) илимий жетекчилик, алмаштырууда - чечимдин негиздемеси;

3)диссертация биринчи жолу же бир нече жолу берилгенде, кайталап берилген учурда - диссертацияга карата берилген эскертүүлөрдү алып салуу жөнүндө маалымат;

4) тандалган теманын актуалдуулугу;

5)диссертациянын мазмунунун аталышына, ошондой эле программанын адистешүүсүнө ылайык келиши;

6) изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү, корутундулардын жана сунуштардын негиздүүлүгү;

7) коргоого берилген илимий натыйжалардын жаңычылдыгы;

8) изилдөөлөрдүн натыйжаларынын илимий, практикалык, экономикалык, социалдык мааниси жана бул маанини ырастоочу маалыматтар;

9) диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжаларын жарыяланган эмгектерде көрсөтүү;

10) диссертацияда көрсөтүлгөн илимий натыйжаларды алууга автордун жеке катышуусу.

11) Эскертүүлөр: ______________________________________________

12) Корутунду:

темасы «______________________________________________»

( диссертациянын темасы)

______________________________________________

(багыттын шифри жана аталышы/ билим берүү программасы )

Философия доктору (PhD), тармак боюнча доктору илимий даражасын алуу үчүн
Төрага/ Төраганын орун басары/ Калыстар мүчөсү, диссертацияны карап чыгып, PhD диссертацияны коргоо күнүн белгилөө менен сунуш кылууга / айтылган эскертүүлөрдү оңдоодон кийин PhD диссертацияны коргоого сунуш кылууга / PhD диссертацияны четке кагууга (*аргументтүү негиздеме менен*)

Төрага/ Төраганын орун басары/ Калыстар мүчөсү ____________________

Колу Дата

**тиркеме 8**

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү
Жобого

**Калыстардын отурумга катышуусунун**
**КАТТОО БАРАКЧАСЫ**

Калыстардын отуруму"____"___________20___ жыл, протокол № _______________
_______________________________________________ багыты боюнча

PhD докторант______________________________________________________(аты-жөнү)

PhD диссертациясын коргоосу

| № | Калыстардын аты-жөнү | Окумуштуулук даражасы, наамы | Отурумга катышуусу (колу) |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |

Окумуштуу/ техникалык катчы _______ ________________________________
(аты-жөнү, колу)

**тиркеме 9**

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү
Жобого

## Макулдашуу баракчасы

PhD докторант ____________________________________________

(докторанттын аты-жөнү)

"____________________________________________"темасы боюнча

айтылган эскертүүлөрдү оңдоо боюнча

| № пп | Калыстардын аты-жөнү | колу | дата |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |

**тиркеме 10**

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү
Жобого

сүрөт

**PhDдокторант жөнүндө маалымат**

______________________________________________

(аты-жөнү)

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Туулган датасы, жери, атуулдугу, улуту | | |
| 2 | PhDдокторантурада окугандыгы боюнча маалымат | | |
| 3 | Багыты/программасы | | |
| 4 | Диссертацияны коргоо күнү жана жери, буйруктун № | | |
| 5 | Диссертациянын темасы жана тили | | |
| 6 | Илимий жетекчилер ( аты-жөнү, окумуштуулук даражасы, наамы, атуулдугу) | | |
| 7 | Калыстар тобунун мүчөлөрү (аты-жөнү, окумуштуулук даражасы, наамы, атуулдугу) | | |
| 8 | Илимий эмгектеринин саны, жалпы, анын ичинде: (WebofScience / Scopus) | | |
| 9 | Жашаган жери, телефону | | |

Окумуштуу/ техникалык катчы _______ ______________________________

(аты-жөнү, колу)

Мекеменин мөөрү, датасы«______» _______ 20 ____ жыл.

Калыстардын отуруму "___"_________20__ жыл , протокол № ________

**тиркеме 11**

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү Жобого

**PhDдокторанттын аттестациялык делосундагы документтердин ТИЗМЕГИ**

1.Ректор/илим иши боюнча проректор жана Калыстар төрагасынын колу коюлган PhD докторанттын арызы.
2.PhD докторанттын резюмеси.
3.Жогорку кесиптик билими жөнүндөгү атайын тартип менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү.
4. PhD докторантуранын билим берүү программасын өздөштүргөндүгү жөнүндөгү(транскрипт) ректордун/академиялык иш боюнча проректордун колу менен бекитилген маалымкат.
5.Катуу переплет жасалган PhD диссертация.
6.Диссертацияга аннотация (кыргыз, орус жана англис тилдеринде).
7.Кафедранын кеңейтилген жыйынынын протоколунун мекеменин жетекчиси тарабынан бекитилип мөөр басылган көчүрмөсү.
8.Диссертациянын темасынын жана илимий жетекчилердин бекитилгендиги жөнүндөгү Университеттин Окумуштуулар кеңешинин протоколунан көчүрмө.
9.Ата-мекендик жана чет элдик илимий жетекчинин пикирлери.
10.Ишке ашыруу актысы.
11.Иштеген жери боюнча окумуштуу катчы тарабынан бекитилген илимий эмгектеринин тизмеси.
12.Калыстар тобунун техникалык катчысы тарабынан бекитилген басылып чыгарылган эмгектеринин түп нускасы жекөчүрмөлөрү.
13.Паспорттун көчүрмөсү.
14.Калыстардын каттоо баракчасы.
15.Макулдашуу баракчасы.
16.Толук чагылдырылган видеожазуу.
17.Калыстардын экспертизадан өткөрүү/алдын ала коргоо/жалпы коргоо боюнча отурумдарынын протоколдору.
18. PhD докторант жөнүндө маалымат.

**тиркеме 12**

И.Раззаков атындагы КМТУнун

PhD докторантурасындагы

Калыстар жөнүндөгү Жобого

## АННОТАЦИЯ

1. Аткарылды …
2. Бекитилген…
3. Илимий жетекчи:
4. Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу….. ,
5. Изилдөө объектиси..:
6. Изилдөө максаты …
7. Изилдөө маселелери: …
8. Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы.....
9. Практикалык мааниси …
10. Негизги жоболору...
11. Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо: …
12. Ачкыч сөздөр: …

(Жалпы көлөм 15 барактан ашпоого тийиш)